*Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун электрондук маалыматтарды каттоо журналына 2022-жылдын 19-февраль күнү №* ***02-002-2022-003349*** *катталган материал боюнча маалымат.*

2022-жылдын 19-февраль күнү Кыргыз Республикасынын Башкы шайлоо комиссисына Бишкек ш., Биринчи май районунун тургуну толук аты жөнү аныкталабаган өзүн Керим деп тааныштырган жарандан *(байланыш номерлери 070309020)* төмөндөгүдөй маалымат келип түшкөн:

Ал өзүнүн, билдирүүсүнө Бишкек шаарынын №12 муниципалдык аймактык башкармалыгынын (МТУ) №5 кварталдык комитеттин төрагасы Жантаева Айнура өзүнүн тийиштүү аймактык тургундары арасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Н.Тотоновту колдоо максатында үгүт жүргүзүп жаткандыгын мындан тышкары ар бир кишиге 2 000 сомдон берем деп убадалап жатат деп көрсөткөн.

Аталган маалымат 2022-жылдын 19-февраль күнү Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин электрондук маалыматтарды каттоо журналына № 02-002-2022-003349 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иши башталган.

Алгачкы текшерүү учурнуда өзүн Керим деп тааныштырган атуулдун толук аты жөнүн жана өздүгүн аныктаганга мүмкүнчүлүк болгон эмес.

Мындан тышкары өзүн Керим деп тааныштырган жараныдын абоненттик байланыш номери деп аталган номер туура эмес берилгендиги тууралуу белгилеп аны менен байланышка чыгууга мүнкүлүк болгон жок.

Сотко чейинки материалдарга, көрсөтүлгөн байланыш номерлерге чалуу учурунда мындай номер жок дегендиги тууралуу актысы, Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБдин кызматкерлери тарабынан түзүлгөн аткарылган иштер боюнча тактамалары тиркелет.

Ошондой эле билдирүү боюнча Бишкек шаарынын Кулатова көчөсүнүн №93-үйнүүн 8-батирдин жашоочусу 1980-жылдын 13-сентябрь күнү туулган Джантаева Айнура Узубековна суралып төмөндөгүлөрдү билдирген: Ал азыркы учура убактылуу эч жерде иштебегенин билдирип, буга чейин Бишкек шаарынын Биринчи май районуна караштуу Жергиликтүү аймактык башкаруусунун (МТУ) №5 кварталынын квартал башчысы болуп иштегенин, бирок 2021-жылдын 2-ноябрь күнү өз калоосу менен арыз жазып жумуштан кеткендиги тууралуу белгилеп, Бишкек шаарынын Биринчи май району боюнча болотурган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттарын шайлоосуна кандайдыр бир талапкерди колдоп ага карата агитация иштерин жүргүзбөгөндүгүн билдирген.

Текшерүүнүн алкагында Бишкек шаарынын А.Малдыбаев көчөсүнүн 36/2-үйүнүн 4-батиринин тургуну 1990-жылдын 01-январь күнү туулган Талантбаев Шухрат Хантемирович суралып ал өзүнүн көрсөтмөсүндө азыркы учурда Бишкек шаарынын №12 Жергиликтүү аймактык башкаруусунун төрагасынын убактылуу милдетин аткаруучусу болуп иштеп жаткандыгын

жана А.Джантаеванын өз ыктыяры менен №5 кварталдык башчысы кызматынан кеткендиги туура билдирген.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн эске алуу менен, 2022-жылдын 02-февраль күнү Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБдин тергөөчүсү тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 27-бер. 1-бөл. 2-п. негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынып аталган материалга 02-002-2022-003349-01-001-004107 саны ыйгарылган.

**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБдин Тергөө кызматы**